**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ТИЛЕКТЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТИЛЕКТЕШСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Тилектеш айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XXII сессиясынын**
**Т О К Т О М У**

**23.07.2026.** **№ 22/3** Жаңы-Турмуш айылы

**Айыл аймагындагы эмканалардын ишмердүүлүгү жана абалын жакшыртуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 111-беренесине, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 27-34-беренелерине, Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө”2024-жылдын 12-январындагы №14 Мыйзамынын 9-беренесине ылайык, аймактагы калкка алгачкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүүнүн сапатын жогорулатуу, имараттарын өз убагында оңдоп-түзөөдөн өткөрүү жана кызматкерлердин калк менен иштөө тартибин иретке келтирүү максатында, эмкана кызматкерлеринин аткарган иштери жөнүндө айылдык кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиянын маалыматын угуп жана талкуулап, Тилектеш айыл аймагынын айылдык кеңешинин **VIII** чакырылышынын кезектеги **XXII** сессиясы **токтом кылат:**

1. Айыл аймагындагы эмканалардын калкка алгачкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүү боюнча, ишмердүүлүгү тууралуу туруктуу комиссиянын маалыматы эске алынсын жана эмкана кызматкерлеринин аткарылып жаткан иштери канааттандыраарлык деп табылсын.
2. Тийиштүү саламаттык сактоо мекемелеринин (ЖДПБ\ҮДТ) жетекчилиги менен биргеликте эмкана кызматкерлеринин бекитилген иш графиктеринин так сакталышын, медициналык этиканын ченемдерин жана жарандарга сылык мамиле жасалышын туруктуу көзөмөлгө алуу айыл өкмөтүнө тапшырылсын.
3. Фельдшердик-акушердик пункттардын кызматкерлерине, калкка көрсөтүлүүчү баштапкы медициналык- санитардык жардамдын сапатын жогорулатуу, оорулардын алдын алуу боюнча эмдөөлөрдү толук жүргүзүү, энелердин жана балдардын ден соолугун коргоо, санитардык -агартуу иштерин күчөтүү сунушталсын.
4. Мекемелерде электр энергиясын үнөмдөө максатында мүмкүнчүлүккө жараша сарамжалдуу пайдалануу иш аракеттери жана алдын ала көмүр менен камсыз кылуу уюштурулсун.
5. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы айыл өкмөттүн башчысына милдеттендирилсин.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин социалдык саясат боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **К.Төрөшев**